Бекитемин:

Мектеп директору: ________ Исламов К

«01» 09 2022-жыл

**А.Качибеков атындагы орто мектебинин электр коопсуздугу боюнча**

**Нускамасы**

Өрт коопсуздугунун жалпы талаптары

Башталгыч класстын окуучулары үчүн:

1. Ширенке менен ойноого болбойт:
2. Спиралдары ачык жылытуу электр жабдыктарынын жанында ойноо жана кийим кургатуу коркунучтуу;
3. Улуулардын уруксатсыз электр жабдыктарын, газ плитасын жандандырууга тыюу салынат;
4. От жагууга жана анын жанында ойноого болбойт;
5. Эгерде өрт чыкканын көрсөң дароо ата-энеңе же башка улууларга билдир;

**Жогорку класстын окуучулары үчүн:**

6. Кичинекей балдардын ширенке менен ойноосуна жол бербе, ширенкени жаш бардар жетпегендей жайга алып кой;
7. Тааныш эмес заттарды: порошок же красканын идишин, айрыкча аэрозолду ысытпагыла ;
8. Электрдик ысытуучу буюмдарды кароосуз калтырбагыла. Кичинекейлерге телевизорду өз алдынча жандырууга тыюу салгыла . Үйдөн чыгып баратып электрдик каражаттарды суурул койгула.
9. Эсиңерге туткула: бензини бар идиш гана эмес бензин куюлган бош идиш да коркунучтуу жана жандырылган ширенке өрттүн чыгуусуна алып келет;
10. Жеңил күйүүчү заттардын (бензин, солярка) жардамы менен от жакпагыла;
11. Өчүрүлбөгөн отту калтырбагыла;
12. Кургак чөптү күйгүзбөгүлө жана кичинекейлерге да үйрөткүлө;
13. Өрт чыкканын көрсөң улууларга билдир жана өрт өчүрүүчүлөрдүн номерине чалып кабар бергиле;

**Мектеп аймагында:**

14. Мектептин аймагында фейерверк, петарда, от жагууга тыюу салынат;
15. Чылым чегүүгө тыюу салынат;
16. Мектепке жеңил күйүүчү заттарды жана материалдарды, ширенкени , күйүүчү суюктуктарды (бензин, расворитель) алып келүүгө тыюу салынат. Класстарда жана кабинеттерде ачык спиралдуу, жалындуу жылытуу каражаттарын пайдаланууга болбойт.
17. Күйүп жаткан ширенкени таштанды-контейнерлерине ыргытуу таптакыр болбойт.
18. Өрт коопсуздугунда мектепти эвакуациялоо жүргүзүлөт, ал созулган кыска-кыска коңгуроо менен билдирилет.

**Нускаманы түзгөн:____________________**

Scanner App Lite